Ош облусунун жана Ош шаарынын Юстиция башкармалыгы
Юридикалык жакты
____________ жылы
мамлекеттик каттоодон өткөрдү
Күбөлүктүн сериясы жана номуру ____________
* * * * * * * * * *
Управление юстиции Ошской области и города Ош
14-апреля 2017. года
произвело государственную регистрацию
юридического лица
Серия и номер свидетельства ПЮ 0038017

**БЕКИТИЛГЕН**
**демилгечилердин протоколу**
**менен**
**2017-жылдын 11-апрели.**

# «Дени сак Эл Ассоциациясы»

## *коомдук бирикмесинин*

# УСТАВЫ

**2017- ж.**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Юридикалык жактын толук жана кыскартылган фирмалык аталышы:
**мамлекеттик тилде:** «Дени сак Эл Ассоциациясы» коомдук бирикмеси - «Дени сак Эл Ассоциациясы» КБ.
**расмий тилде:** Общественное объединение «Ассоциация Дени сак Эл» - ОО «Ассоциация Дени сак Эл».

1.2. Бирикменин жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Кулатов кичи району, 2-үй, 24-батир.

1.3. «Дени сак Эл Ассоциациясы» коомдук бирикмеси (мындан кийин- **бирикме)** Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык атуулдардын ыктыярдуу мамлекеттик эмес мулктук төлөмдөрүнүн негизинде уюшулган.

1.4. «Дени сак Эл Ассоциациясы» коомдук бирикмеси өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына гана таянып өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

## 2. Бирикменин ишмердуулугунун максаты жана мазмуну

2.1. **Бирикменин негизги максаты:** Кыргыз Республикасынын жарандарына акысыз медициналык жардам көрсөтүү.

- Тоолуу аймактарда жашаган тургундарга медициналык жактан кол кабыш кылуу жана ошону менен бирге ошол жерде жашап жатышкан калктын ден-соолугуна кам көрүү.
- Мүмкүнчүлүгү чектелген жана аз камсыз болгон үйбүлөлөргө медициналык жактан колдоо;
- Кайрылган адамдарга туура медициналык кенештерди берүү.
  - Массалык маалымат каражаттарында медициналык иштерин жургузуу максатында газета, колдонмо буклет ж.б. атрибутикаларды чыгаруу;
  - Томолой жетим жана майып балдарга акысыз медициналык жардам корсотуу;
  - Кайрымдуулук акцияларын откоруу;
  - Чет мамлекеттер менен эл аралык байланыштарды тузуу;
  - Коомдогу пайдалуу максаттарды коздогон иштерди жургузуу.
  - Мамлекетибиздин мыйзамдарын сыйлоо жана демократиялык укукту урматтоо жана колдоо;

2.3. Ишмердуулугун жузого ашыруу максатында Бирикме оз атынан томонкулорго укуктуу:

- Оз мулкуно ээ болу жана пайдалануу, келишимдерди тузуу (контракт ж.б.);
- Атуулдардан жана юридикалык жактардан имарат, курулуш, жер жана башка мулкту, акча каражаттарын сатып алуу, арендалоо, о.э. оз мулкун арендага беруу, сатуу, алмаштыруу же убактылуу пайдаланууга беруу;
- Кыргызстан банктарынын, башка юридикалык жактардын, о.э. чет элдик коомдук, финансылык ж.б. мекемелердин гранттарынан пайдалануу;
- Медициналык тармактарда конкреттуу акысыз кызмат корсотуу аркылуу жарандардын ден-соолуктарын жакшыртууга комоктошүү;
- Педагогикалык, укуктук, психологиялык жана медициналык маселелер боюнча консультациялык жардам откорууго комоктошуу;
- Жарыяларды (рекламаларды) беруу.

## 3. Бирикменин укуктук жобосу

3.1. Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылаиык Бирикме юридикалык жак, милдеттенме боюнча обочолонгон мулкко ээ болуп, ага жооп берет. Мулктук жана оздук мулктук эмес укуктарды ишке ашырат, аткарат, милдеттуу сотто доогер жана жооп беруучу боло алат.
3.2. Бирикме башкаруунун жогорку органындагы мучолоруно жумуш менен туздон - туз байланышкан чыгымдарды компенсациялоодон сырткары, аларга коюлган милдеттерди аткаргандыгы учун эмгек акы жана сыйлык акы беруу укугу жок.
3.3. Уюштуруучулар откоруп Берген мулк Бирикменин менчиги болот жана ал кол тийгис.
3.4. Уюштуруучунун Бирикменин мулкуно эч кандай мулктук акысы жок, о.э. милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.
3.5. Бирикме банкта расчеттук счетко, оз алдынча балансқа ээ.
3.6. Бирикме катталган фирмалык белги, тегерек моор, бурчтук штамп, эмблема, фирмалык бланк ж.б. реквизиттерге ээ.
3.7. Бирикме уставга каршы келбеген, мыйзам жагынан тыюу салынбаган ишмердуулуктун ар кандай турун алып барууга укуктуу.
3.8. Бирикме алынган кирешени мучолорунун арасында болуштурбой, чарбалык жана ондуруштук иш алып барууга укуктуу. Ишмердуулуктун ичине товар ондуруу жана реализациялоо, Бирикменин максатына каршы келбеген ишмердуулуктун башка турлорун жургузуу кирет.

## 4. Бирикменин мулку

4.1. Бирикме оз мулкун уставда корсотулгон максаттарга жумшайт.
4.2. Бирикме мулкун томонкулор тузот:

- Уюштуруучу, демоорчу, коомдук, коммерциялык, диний ж.б. мекемелер жана уюмдардан тушкон мулктук толом жана кайыр, садага;
- Турдуу мероприятиаларды уюштуруудан тушкон каражаттар (маданий, спорттук ж.б. массалык иш-чараларды уюштуруудан, кайрымдуулук акцияларын откоруудон, лекция, коргозмо, аукцион ж.б. иш – чараларды откоруудон);
- Бирикменин чарбалык ишмердуулугунон тушкон киреше;
- Бирикменин менчигинен алынуучу киреше;
- Мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка кирешелер.

4.3. Мулктун материалдык, интелектуалдык каражат ж.б. турун Бирикме ыктыярдуу салым катары кабыл ала алат.
4.4. Бирикме ондуруштук жана чарбалык ишмердулугунун кирешеси уставдык маселелерди аткаруу учун гана пайдаланат.

## 5. Бирикменин башкаруу органы болуп:

- Жогорку орган – Бирикменин мучолорунун жалпы чогулушу.
- Аткаруучу орган – Директору.

## 6.Бирикменин башкаруу тартиби

**6.1– Бирикменин жалпы чогулушу.**

Коомдук бирикменин жогорку органы анын бардык мүчөлөрүнөн турган жалпы чогулуш болуп саналат. Эгерде чечимди кабыл алууда анын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмеси катышса, жалпы чогулуштун кворуму болот.

Төмөнкү маселелер жалпы чогулуштун гана компетенциясын түзөт:

- уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү;

- коомдук бирикменин ишинин артыкчылык берилген багытын аныктоо, анын мулкун пайдалануунун тартиби;

- коомдук бирикмеге мүчөлүккө кабыл алуу жана андан чыгаруу (эгерде уставда башкача каралбаса);

- башкаруу органдарын түзүүнүн тартиби;

- иш жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;

- филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү түзүү жөнүндө чечим;

- ишке башка юридикалык жактардын катышуусу;

- кайра уюштуруу жана жоюу;

- устав тарабынан коомдук бирикменин башка органдарынын компетенциясына таандык кылынган башка маселелер.

Коомдук бирикме жалпы чогулуштун отурумдарын өткөрүү жолу менен жана мүчөлөрдү жазуу түрүндө сурап билүү жолу менен чечим кабыл алышы мүмкүн. Жалпы чогулуштун отурумун жана жазуу түрүндө сурап билүүнү өткөрүүнүн тартиби устав тарабынан аныкталат.

**6.2. Бирикменин аткаруучу органы болуп - Директор эсептелинет.**

6.3. Башкаруу процессинде Директор жалпы чогулуштун буйруктарын аткарат

Директор томонку иштерди аткарат:

- Бирикменин ишмердуулугун жургузот;
- Эмгек келишимдерин жана башка жарандык келишимдерди тузот;
- Биркменин атынан бардык тараптар менен ишеним катсыз иш жургузот;
- Бирикменин иш-кагаздарын мыйзам чегинде алып барат;
- Бирикменин ыйгарым окулу болуп эсептелинет.

6.4. Эгер Бирикме жана башка чарбалык иштерди жургузсо, económ кеминде ар 1 жыл сайын бирикменин Директор уставдык жана финансылык ишмердуулугу жонундо байкоо кенешинин жазма эсеп-кысабын тартуулайт.

Бирикменин Директору материалдык жана финансылык абалына ар кандай коркунуч жонундо жалпы чогулушка билдируусу зарыл.

6.5. Башкаруунун башка органдарынын компетенциясына тиешелуу болгон башка суроолор Директор компетенциясына жургузулуп жаткан ишмердуулук боюнча кирет.

6.6. Директор жалпы чогулуш тарабынан 3 жылдык моонотко шайланат.

[illegible]. Директор оз милдеттерин учунчу жакка бере албайт.

6.8. Директор узак убакытка жок болгон учурда жалпы чогулуш байкоо кенеши убактылуу жаны Директорду шайлоого укуктуу.

**7. Бирикменин ишмердуулугун токтотуу**

7.1. Бирикменин ишмердуулугу Кыргыз Республикасынын атуулдук мыйзамына ылайык токтотулат.

**«Дени сак Эл Ассоциациясы»**
**КБнин директору** ____________________ **Жумабаев М.А.**